**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**

**САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Эл депутаттарынын Садыр аке айылдык Кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы**

**Токтом**

**20-декабрь 2022-жыл №64** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине Республикалык бюджетинин максаттуу которуудан түшкөн акча каражаттары жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик кодексинин” 55-беренесинин жана Садыр аке айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине максаттуу которуудан түшкөн акча каражатын чыгымдарга бөлүп берүү маселесин карап, талкуулап чыгып Садыр аке айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Аппарат бөлүмүнө 22154900 “Башка кызмат көрсөтүлөргө” беренесине -42135 сом айыл өкмөтүнүн имаратынын локалдык сетин камсыздоо максатында жана КР ЖӨБ Союзуна “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана ЖӨБ органдары жөнүндө” Мыйзамынын 22-беренесине ылайык 6200 сом акча каражатары бөлүнүп жана которулуп берилсин.
2. Мектеп бөлүмүнө 22154900 “Башка кызмат көрсөтүлөргө” беренесине -27964 сом мектептин айрым класстарына локалдык сетин камсыздоо максатында акча каражатары бөлүнүп жана которулуп берилсин.
3. ТЖКЧ бөлүмүнө 25121100 “Каржылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар” беренесине 458901 сом акча каражаты күйүүчү май жана унаа тетиктерин алууга бөлүнүп берилсин. Жогоруда көрсөтүлгөндөрдү сатып алуу КРнын “Мамлекеттик сатып алуу” Мыйзамына ылайык жүргүзүлсүн.
4. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозалиевге жана ФЭБтин башчысы Н.У.Сыдыковага тапшырылсын.
6. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча» туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

*Жиберилди: А/Өкмөтү-1, Каржы бөлүмү-1, Обл. Юст башк.-1.*